# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2022-жылдын 4-ноябры Бишкек шаары

№ 23

## Мурастык укуктук мамилелерден келип чыккан талаштарды кароо менен байланышкан жарандык иштер боюнча соттук тажрыйба жөнүндө

*(КР Жогорку сотунун Пленумунун 2025-жылдын 15-июнундагы № 16 токтомунун редакциясына ылайык)*

Мурастык талаштар менен байланышкан жарандык иштердин каралышы боюнча соттук тажрыйбаны жалпылоо, соттор, негизинен аталган категориядагы иштерди туура чечип жаткандыгын көрсөттү. Ошону менен бирге бул иштерди кароодо соттор тарабынан мыйзамды колдонууда катачылыктарга жол берилип жаткандыгы аныкталды.

Аталган талаштарды кароодогу кемчиликтерди жоюу, ошондой эле бул категориядагы иштер боюнча мыйзамдардын туура жана бирдей колдонулушун камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 2-бөлүгүн, "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 18-беренесин жетекчиликке алып, токтом кылат:

1. Мурастык укуктук мамилелерден келип чыккан талаштар ага катышкандардын субъекттик курамына жана мурас мүлктүн курамына карабастан жарандык сот өндүрүшү тартибинде каралаарына соттордун көңүлү бурулсун (КР ЖПКнин 25-беренеси).

2. КР ЖПКнин 28-беренеси менен белгиленген жарандык иштердин сотторго караштуулугунун тартибине ылайык, мурастык укуктук мамилелерден келип чыккан бардык талаштар (мурасты кабыл алуу жана мурас ачылуучу жер боюнча юридикалык фактыны аныктоо, мурасты кабыл алуу үчүн кошумча мөөнөт белгилөө, мурастык мүлктөгү үлүштү аныктоо, керээзди, мурастоо укугу жөнүндө күбөлүктү жана мурастан баш тартууну жараксыз деп табуу, татыксыз мураскорлорду мурастан четтетүү, мураста милдеттүү үлүш укугуна ээ болуу укугун же мурас калтыруучунун ишке жарамсыз багуусундагылардын укугун таануу, мураска кирген мүлккө карата айрым мураскорлордун артыкчылыктуу укугун таануу, мурасты бөлүштүрүү, үйдү жасалгалаган жана үйдө колдонулган нерселерди мурастоо, мурастык үлүштөрдү арттыруу, мурастын эсебинен төлөнүүчү чыгымдарды өндүрүү, мурас калтыруучунун кредиторлорго карыздарын өндүрүү, мурастык мүлктү ээсиз-ээликсиз деп табуу ж.б.) райондук сотторго караштуу.

Мурастык кыймылсыз мүлккө болгон укуктар менен байланышкан доолор КР ЖПКнин 32-беренесинде каралган сотко өзгөчө караштуулук жөнүндө эрежелерге ылайык, кыймылсыз мүлк объектиси жайгашкан жери боюнча сотко берилет.

Ар башка райондук соттордун юрисдикциясындагы аймактардагы, мурастык мүлктүн курамына бир нече кыймылсыз мүлк объектилери кирген мурастык мүлккө укуктар боюнча талаш жаралган учурда, бул объектилер боюнча доо алардын бирөөсүнүн жайгашкан жери боюнча берилиши мүмкүн.

Кыймылсыз мүлктүн жайгашкан жери боюнча берилген, мурастык укуктарды таануу максатында кыймылсыз мүлккө ээлөө, пайдалануу жана тескөө фактысын аныктоо тууралуу арыздарды кошпогондо, мурастык укуктук мамилелер менен байланышкан юридикалык факты аныктоо жөнүндө арыздар сотко КР ЖПКнин 266-беренесине ылайык арыз берүүчүнүн жашаган жери боюнча берилет.

Мурастык талаштар, ошондой эле мурастык укуктук мамилелерден келип чыккан талаштар бейтарап териштирүүнүн предмети боло албайт (2002-жылдын 30-июлундагы № 135 "Кыргыз Республикасында бейтарап соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 45-беренесинин 2-пункту).

3. Мурасты ачуунун орду деп, мурас ачылган күнгө карата мурас калтыруучунун акыркы туруктуу жашаган орду эсептелет.

Эгерде мурас калтыруучунун акыркы жашаган жери белгисиз же Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жерде болсо, мурасты ачуунун орду КР ГКнин 1124-беренесине ылайык аныкталат.

Эгерде жаран туруктуу жашаган жеринен башка жерден көз жумса (мисалы, башка жерде аскердик кызмат өтөп жүрүп, окуп жүрүп, ишинин шартына жана мүнөзүнө байланыштуу иштеп жүрүп, иш-сапарында жүрүп, дарылоо мекемесинде жатып, эркиндигинен ажыратуу жайларында жүрүп ж.б.) алардын акыркы жашаган жери деп өлгөнгө чейин туруктуу жашап жүргөн жери таанылат (аскерге чакырылганга, окууга өткөнгө, иш-сапарга чыкканга, эркиндигинен ажыратылганга чейин ж.б.).

Эгерде мурас калтыруучунун жашаган жери мураскорлорго белгилүү болуп, бирок алар кандайдыр бир себептерден аны документтер менен тастыктап бере алышпаса, мураскордун арызы боюнча сот аркылуу мурасты ачуунун орду жөнүндө юридикалык факт аныкталышы мүмкүн. Мурасты ачуунун орду жөнүндө юридикалык фактыны аныктоо жөнүндө арыз өзгөчө өндүрүш тартибинде каралат (КР ЖПКнин 264-бер. 2-бөл. 9-п.).

4. Мурастоо боюнча ишти кароо үчүн мурас ачылган күнгө карата белгилүү болгон мурастоо укугу жөнүндө билдирген мурас калтыруучунун бардык мураскорлорун, мураскорлор жок болгон учурда - талаш болгон мурастык мүлк жайгашкан аймактагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын тартуу зарыл. Эгерде мурастык талашты чечүүдө жашы жете электердин кызыкчылыктары козголуп жатса, балдарды коргоо боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн өкүлдөрүн тартуу керек. Нотариустар процесске өз алдынча талаптарды билдирбөөчү үчүнчү жактар катары тартылышат.

5. Мурастык укуктук мамилелерден келип чыккан төмөнкү талаштар доо өндүрүшүнүн эрежелери боюнча каралат:

- мурасты бөлүштүрүү;
- үй-тиричилик жана үй-оокат буюмдарын мурастоо;
- мурастык үлүштөрдү арттыруу;
- мурастын эсебинен төлөнүүчү чыгымдарды өндүрүү;
- кредиторлор тарабынан мурас калтыруучунун карыздарын өндүрүү;
- мурасты кабыл алуу үчүн кошумча мөөнөт белгилөө;
- мурастык мүлктөгү үлүштү аныктоо жана бөлүү;

- керээзди жокко чыгаруу, керээзди, мурастоо укугу жөнүндө күбөлүктү жана мурастан баш тартууну жараксыз деп табуу;

- татыксыз мураскорлорду мурастан четтетүү;

- милдеттүү үлүш укугун же мурас калтыруучунун ишке жарамсыз багуусундагылардын укугун таануу;

- айрым мураскорлордун артыкчылыктуу укугун таануу ж.б.

Мурасты кабыл алуу жана мурасты ачуунун орду жөнүндө юридикалык фактыны аныктоо өзгөчө өндүрүш тартибинде каралат.

6. Мурастык укуктук мамилелерден келип чыккан талаштар боюнча сотко берилүүчү доо арыздардан мамлекеттик алым 2018-жылдын 10-августундагы № 90 Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинде белгиленген эрежелер боюнча төлөнөт.

Мамлекеттик алым мурастык укуктук мамилелерден келип чыккан мүлктүк талаштар боюнча (мурасты бөлүштүрүү, үй-тиричилик жана үй-оокат буюмдарын мурастоо, мурастык үлүштөрдү арттыруу, мурастын эсебинен төлөнүүчү чыгымдарды өндүрүү, кредиторлор тарабынан мурас калтыруучунун карыздарын өндүрүү ж.б.) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-апрелиндеги № 159 токтому менен бекитилген Мамлекеттик алымдын ставкаларынын (мындан кийин - Ставкалар) 1-пунктунун 1-пунктчасы боюнча төлөнөөрүн соттор эске алышсын.

Мамлекеттик алым мурастык укуктук мамилелерден келип чыккан мүлктүк эмес талаштардан (мурасты кабыл алуу үчүн кошумча мөөнөт белгилөө, мурастык мүлктөгү үлүштү аныктоо, керээзди же мурастоо укугу жөнүндө күбөлүктү жараксыз деп таануу, татыксыз мураскорлорду мурастан четтетүү, милдеттүү үлүш укугун же мурас калтыруучунун ишке жарамсыз багуусундагылардын укугун таануу, мурастык мүлктү ээсиз-ээликсиз деп табуу, айрым мураскорлордун артыкчылыктуу укугун таануу ж.б.) Ставкалардын 2-пунктунун 6-пунктчасы боюнча төлөнөт.

Өзгөчө өндүрүш тартибиндеги иштер боюнча арыздардан мамлекеттик алым Ставкалардын 1-пунктунун 5-пунктчасы боюнча алынат.

Мурастык талаштар боюнча сотко түшкөн доонун мүлктүк же мүлктүк эмес мүнөзү боюнча маселелер пайда болгон учурда, соттор Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун "Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан жарандык, экономикалык жана административдик иштерди кароодо мамлекеттик алым тууралуу мыйзамын колдонуунун кээ бир маселелери жөнүндө" 2020-жылдын 29-майындагы № 9 токтомуна көңүл буруулары керек.

7. Мурастоо - бул өлгөн адамдын (мурас калтыруучунун) мүлкүнүн башка адамга же адамдарга (мураскорлорго) мурастык укук улантуучулук тартибинде өтүшү.

Мурас ачылганда мурастын курамына мурас калтыруучуга тиешелүү бардык укуктар жана милдеттер кирет, алар мурас калтыруучунун өлүмү менен токтотулбайт, алар:

- буюмдар, анын ичинде акча жана баалуу кагаздар (КР ГКнин 22-бер.);

- мүлктүк укуктар (анын ичинде мурас калтыруучу менен түзүлгөн келишимдерден келип чыккан укуктар, интеллектуалдык ишмердиктин натыйжаларына өзгөчө укуктар ж.б.);

- мүлктүк милдеттер, анын ичинде мураскорлорго өткөн мурастык мүлктүн наркынын чегиндеги карыздар (КР ГКнин 1165-бер.).

8. Мурастын курамына мурас калтыруучуга ыйгарылган, бирок алынбай калган акча каражаттарына укуктар да киргизилээрин соттор эске алуулары тийиш (мисалы, аткарылышы өндүрүп алуучунун өлүмүнө байланыштуу токтотулган, мыйзамдуу күчүнө кирген соттук чечим боюнча мурас калтыруучунун пайдасына өндүрүлгөн акча каражаттары, анын ичинде КР ГКнин 1120-беренесинин 1-пунктунда көрсөтүлгөн негиздер боюнча өндүрүлгөн каражаттар).

9. Мураскордун мүлктүк укуктары жана милдеттери анын өздүгү менен ажырагыс байланышта болгон учурда, мурастын курамына кирбейт. Мурастын курамына кирбеген укуктар жана милдеттердин тизмеси КР ГКнин 1120-беренесинин 2-пунктунда көрсөтүлгөн. Ошону менен бирге соттор мурас калтыруучунун өлгөн күнүнө карата пенсиясынын топтолуучу бөлүгүнөн чогулган белгилүү акча каражаты мурастын курамына кирерин эске алуулары тийиш.

10. КР ГКнин 1125-беренесинде көрсөтүлгөн жактар керээз боюнча жана мыйзам боюнча мураскорлор болушу мүмкүн.

Юридикалык жактар уюштуруу-укуктук формасына көз карандысыз мураскор боло алышаарын соттор эске алышсын. Ошону менен бирге, мурас ачылган күнгө карата юридикалык жактын Кыргыз Республикасынын "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө" 2009-жылдын 20-февралындагы № 57 Мыйзамынын талаптарына ылайык мамлекеттик каттоодон өткөндүгү мураскор катары таануу үчүн негизги шарт болуп эсептелет.

Мурас ачылган орду боюнча нотариуска арыз беришип, бирок мурастоо укугу жөнүндө күбөлүк албаган мураскорлор сотко ар кандай талаптар менен кайрылууга жана жарандык иш боюнча тарап болууга укуктуу.

Ошондой эле, мураскор болуу мүмкүнчүлүгү жарандын аракетке жөндөмдүүлүгү менен шартталбагандыгын эске алуу керек. Балдар, жашы жеткен эмгекке жарамсыз балдар, аракетке жөндөмсүздөр, аракетке жөндөмдүүлүгү чектелгендер, ошондой эле мурасты калтыруучунун көзү тирүүсүндө бойго бүткөн жана мурас ачылгандан кийин тирүү төрөлгөн балдар мураскор болушу мүмкүн.

Мураскор мурастоого өзүнүн чакырылгандыгы жөнүндө билген же билүүгө тийиш болгон күндөн тартып, алты айдын ичинде мурастан баш тартууга укуктуу.

Мурастан баш тартуу кийин жокко чыгарылышы же кайра алынышы мүмкүн эмес.

11. Мураскор, мурасты кабыл алууга берилген мөөнөт өткөндө, мурастан баш тартуу укугунан ажырайт. Эгерде мураскор иш жүзүндө мураска калган мүлктү ээлесе же аны тескесе, же бул мүлккө карата анын укугун ырастоочу документтерди алуу үчүн көрсөтүлгөн мөөнөт өткөнгө чейин кайрылса, бул укуктан ажырайт.

Жарым-жартылай мурастан баш тартууга, эскертүүлөр, шарт коюу менен баш тартууга жол берилбесин соттор эске алуусу керек (КР ГКнин 1157, 1158-беренелери).

Мурастагы милдеттүү үлүшкө укуктуу мураскор ага таандык милдеттүү үлүштөн баш тартууга укуктуу, бирок башка жактардын пайдасына эмес.

Мурастан баш тартуу жөнүндө талаптар бүтүмдөрдү жараксыз деп табуунун негиздери боюнча соттук тартипте талашылышы мүмкүн.

12. Мыйзам боюнча да, керээз боюнча да мураскорлорго кирген жактардын арасынан сот татыксыз мураскорлорду мурастан четтетүүгө укуктуу. Жаранды татыксыз мураскор деп табуу жана аны мурастан четтетүү тууралуу талаштарды чечүүдө, соттор төмөндөгүлөрдү эске алуулары керек.

КР ГКнин 1126-беренесенин 1-пунктунда, өмүрүнө кол салгандан кийин керээздөөчү аларга карата керээз калтырган адамдарды кошпогондо, мурас калтыруучунун же мүмкүн болуучу мураскорлордун кимдир-бирөөсүнүн өмүрүн атайылап кыюуга же алардын өмүрүнө кол салууга багытталган атайын мүнөздө жасалган аракеттер, себебине жана максатына, ошондой эле тийиштүү кесепеттеринин болбогонуна карабастан мыйзам жана керээз боюнча мурастоо укугунан ажыратууга негиз болот. КР ГК 1126-беренесинин 1-пунктунда көрсөтүлгөн жагдайлар соттук акт менен тастыкталса, мураскор татыксыз деп эсептелинет.

КР ГКнин 1126-беренесинин 2-пунктуна ылайык, мурасты калтыруучунун акыркы эркин жүзөгө ашыруусуна атайылап тоскоолдук кылган жана аны менен өздөрүнүн же өздөрүнө жакын адамдардын мурастап калышына, же болбосо мурастын өздөрүнө тиешелүү үлүшүнүн көбөйүшүнө көмөктөшкөн адамдар керээз боюнча да, мыйзам боюнча да мурастоого укуксуз (керээзди жок кылуу же уурдоо, мурас калтыруучуну керээз түзүүгө же жокко чыгарууга мажбурлоо, мураскорлорду мурастан баш тартууга мажбурлоо ж.б.). Сот бул жагдайларды сот жыйналышында иликтейт.

КР ГКнин 1126-беренесинин 3-пунктуна ылайык ата-энелерди (асыроочуларды) жана жашы жеткен (багылып алынган) балдарды мыйзам боюнча мурастоодон четтетүү тууралуу талаптарды кароодо соттор бул пунктта көрсөтүлгөн мурас калтыруучуну багуу боюнча милдеттер Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 14-17-главасында белгиленген алименттик милдеттер менен аныкталаарын эске алуусу керек.

Эгерде алимент өндүрүү тууралуу күчүнө кирген соттун чечиминен жана САКБнүн тийиштүү аймактык бөлүмүнүн сот аткаруучусу тарабынан белгиленген төлөмдөр боюнча карыздан келип чыккан мурас калтыруучуну багуу боюнча милдеттерин аткарбаган фактылары далилденген учурда, жарандар аталган негиздер боюнча мурастоодон четтелиши мүмкүн.

КР ГКнин 1126-беренесинин 1-3-пункттарында көрсөтүлгөн, четтетүү үчүн негиз болгон, бардык жагдайлар соттук жыйналышта иликтенип, мурастан четтетиле турган мураскорлордун аракетине укуктук баа берилиши керектиги татыксыз мураскорлорду мурастан четтетүү тууралуу талаштарды кароодо соттор тарабынан эске алынууга тийиш.

Татыксыз мураскорлорду мурастоодон четтетүү үчүн негиз болгон жагдайлар, сот тарабынан мындай четтетүү мурастоо менен байланышкан мүлктүк кесепеттерге алып келген жактын доосу боюнча аныкталат.

13. КР мыйзамдары менен мурастоонун мыйзам жана керээз боюнча эки түрү каралган.

Керээз - жарандын өзүнө тиешелүү мүлктү тескөө боюнча жазуу түрүндөгү жол-жоболоштурулган эрк-ниети экендигин соттор керээз боюнча мурастоо менен байланышкан талаптарды кароодо эске алуулары керек.

Соттор керээзди чечмелөөдө КР ГК 1136-беренесинин талаптарын жетекчиликке алуулары зарыл, ага ылайык, керээзди чечмелөөдө анда камтылган сөздөрдүн жана сөз түрмөктөрүнүн түздөн-түз мааниси эске алынат. Керээздин кандайдыр-бир жобосунун

түздөн-түз мааниси бүдөмүк болгондо, ал керээздин башка жоболору жана керээздин бүтүндөй мааниси менен салыштыруу жолу менен белгиленет.

14. Керээзди түзүү формасы боюнча, кол тамга коюу жана күбөлөндүрүү менен байланышкан бузуулар боюнча жараксыз деп табуу жөнүндө доо талаптарын кароодо, соттор КР ГК 1131-1132-беренелеринде керээзди түзүү жана күбөлөндүрүү боюнча көрсөтүлгөн эрежелерди, ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын нотариустарынын нотариалдык аракеттерин жүргүзүү тартибин жөнгө салган жоболорду камтыган талаптарды катуу сактоолору тийиш. Соттор ошону менен бирге, КР ГК 1133-беренесинде каралган нотариустук күбөлөндүрүүгө теңдештирилген керээзди түзүү, кол тамгасын коюу жана күбөлөндүрүү эрежелери боюнча жүргүзүлөөрүн эске алышы керек.

15. Керээз бир тараптуу бүтүм болуп эсептелинет, андыктан ага КР ГКнин бүтүмдөрдү жараксыз деп табуу эрежелери колдонулат (КР ГКнин 185-197-бер.).

Мурас ачылганга чейин керээзди талашууга жол берилбейт.

КР ГКнин 1127, 1131, 1132, 1133, 1137-беренелеринде белгиленген керээзди түзүү, кол тамга коюу жана күбөлөндүрүү тартиптери бузулган учурларда, керээзди жараксыз деп табуунун жыйынтыгында мүлктүк кесепетке алып келген жактын доосу боюнча керээз арзыбаган бүтүм катары жараксыз деп таанылышы мүмкүн.

Соттор керээзди жараксыз деп табуу жөнүндө талаштарды кароодо, КР ГК 193, 193-1, 194, 195, 196, 197-беренелерин жана КР ЖС Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы "Бүтүмдөрдү жараксыз деп табуу боюнча жана мүлктү ак ниеттүү сатып алуу тууралуу талаштарды кароодо мыйзамды колдонуу боюнча соттук тажрыйбанын кээ бир маселелери жөнүндө" № 11 токтомун жетекчиликке алуулары зарыл. КР ГК 1135-беренесинин талаптарын бузуу керээзди жараксыз деп табуу үчүн негиз болуп саналбайт.

Керээзди жараксыз деп табуу жөнүндө талаштарды кароодо керээзди түзүүнүн, кол тамга коюунун жана күбөлөндүрүүнүн кээ бир тартиптеринин бузулушун, эгерде сот мурасты калтыруучунун чыныгы эрк-ниетинин маанисин (мисалы, керээздин мазмунуна жана маанисине таасир бере албаган жаңылыш жазуулар, каталар) түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт деп аныктаса, аны жараксыз деп табууга негиз боло албастыгын соттор көңүлгө алуулары тийиш.

16. Мурас калтыруучу керээзге бир же бир нече мураскорлорго кошумча милдеттерди (керээздик баш тартууну) киргизүүгө укуктуу, ага ылайык мураскорлор мурас калтыруучу көрсөткөн жактардын (баш тартуу алуучулардын) пайдасына мүлктүк мүнөздөгү аракеттерди аткарууга милдеттүү болушат (КР ГКнин 1139-бер.).

Мурастын эсебинен кандайдыр бир мүлктүк мүнөздөгү милдетти аткаруу жүктөлгөн мураскорлордун ортосундагы талаштарды кароодо, баш тартууну алуучунун белгиленген милдетти талап кылуу укугуна мураскордун өзүнүн мурас мүлккө болгон муктаждыгы таасир этпестигин эске алуу керек.

Турак үй, батир же башка турак жай өткөн мураскорго бул турак жайды башка адамдын өмүр бою пайдалануусуна же башка мөөнөткө берүү милдетин ага жүктөлгөн учурда, баш тартууну алуучу аталган мөөнөт бою ал турак-жайдын менчик ээси (керээз боюнча мураскор) менен бирдей укукта колдонот.

17. Мурастагы милдеттүү үлүш укугу тууралуу талаштарды кароодо соттор аталган талаштар керээз боюнча мурастоого байланышкан укук мамилелеринен келип чыгаарын эске алуулары зарыл

Мурастагы милдеттүү үлүш укугу мурас мүлкүнүн керээзделген бөлүгүндө гана канааттандырылат.

18. Милдеттүү үлүштүн өлчөмү мыйзам менен аныкталган, жана ал чоңойтуу же кичирейтүү жолу менен өзгөртүлүүгө жатпайт.

Мындай үлүшкө укугу бар мураскор кандайдыр бир негиз боюнча мурастан алгандардын бардыгы, анын ичинде кадыресе үй-оокаттарынан турган мүлктүн наркы жана керээздик баш тартуунун мындай мураскордун пайдасына белгиленген нарк кошуп эсептелет.

19. КР ГКнин 1149-беренесинде көрсөтүлгөн жактар (балдары, жашы жеткен балдары, жана дагы жубайы жана ата-энеси) мурас ачылган күнү жаш курагы боюнча жана (же) ден-соолугу боюнча эмгекке жарамсыз болушу керек.

Аталган жактардын мурастагы милдеттүү үлүш укуктарынын пайда болушу, алардын мурас калтыруучунун багуусунда болгону, чогуу жашагандыгы жана мурас калтыруучу менен жалпы чарба жүргүзгөнү менен байланышпайт.

КР ГКнин 1149-беренеси боюнча "балдар" деген аныктамага 18 жашка (жашы жеткен куракка) чыга элек жактар кирет (КР Балдар жөнүндө кодексинин 5-бер.).

Милдеттүү үлүш укугу мураскордун жеке инсандыгы менен байланышкан, андыктан бул мураскор каза болуп калса, мурастык трансмиссия тартибинде милдеттүү үлүштү бөлүп берүү талабын коюу укугу анын мураскорлоруна өтпөйт.

20. Мурастагы милдеттүү үлүш укугу бар мураскорду мурастоого тартуунун негизи мурас ачылган учурда аныкталат, андыктан керээзде мындай мураскорлор көрсөтүлбөй калса, керээзди жараксыз деп табууга негиз боло албайт.

Бирок, эгерде мурастагы милдеттүү үлүш укугу бар мураскор болуп туруп, мураскор керээз боюнча мураска укук жөнүндө күбөлүк алса, анда анын кээ бир жоболорунун аныктыгына карабай, бул мураска укук жөнүндө күбөлүк толугу менен жараксыз деп табылышы мүмкүн.

Мурастагы милдеттүү үлүш укугун керээз мүлкүнүн эсебинен биринчилерден болуп канааттандыруу жөнүндө талаптар канааттандырылууга жатпайт. Мурастагы милдеттүү үлүш укугуна ээ мураскорлордун мурастоосу керээз боюнча мурастоого чакырылган башка мураскорлор менен бирге жүргүзүлөт.

21. Керээз жана анын негизинде берилген мураска укук жөнүндө күбөлүк соттун чечиминин негизинде гана жараксыз деп таанылышы мүмкүн. Буга байланыштуу, керээзди же мураска укук жөнүндө күбөлүктү жараксыз деп табуу жөнүндө талаштар боюнча тынышуу келишимин бекитүүгө жол берилбейт, анткени ал керээзди же мураска укук жөнүндө күбөлүктү жокко чыгарбайт.

22. Мураска тартуу мурас калтыруучунун эрки менен гана эмес, ошондой эле мыйзам менен да түз аныкталышы мүмкүн. Мурас калтыруучунун мүлкүнө анын эрк-ниетин камтыган керээздин жоктугу, мыйзамдын ченемдери менен ишке ашырылат, мурас калтыруучу каза болгондон кийин андан калган мүлктүн кимге өтүшүн мыйзам өзү аныктайт.

23. Мыйзам боюнча мураскорлордун тобу КР ГКнин 1142-1145, 1148, 1166-беренелери менен белгиленген. Мураскорлордун тобунун кезегин аныктоо жөнүндө маселелерди чечүүдө соттор мураскорлорду мурастоого тартуу үчүн аларга мыйзамда

белгиленген тартипте берилген документтердин, же мурас калтыруучу менен болгон туугандык жакындыгын белгилеген же аныктаган соттук чечимдин бар болушун эске алуулары зарыл.

Эгерде сот тартибинде нике бузулуп, тиешелүү соттун чечими мурас ачылганга чейин күчүнө кирген болсо, мурас калтыруучунун мурдагы жубайы биринчи кезектеги мураскор катары мурастоо укугунан ажыратылаарын эске алуу керек.

Ошону менен бирге, КР ГКнин 1150-беренесинин 2-пунктуна ылайык, эгерде мурас калтыруучу менен никеде тургандыгы мурас ачылганга чейин иш жүзүндө токтотулгандыгы жана жубайлар мурас ачылганга чейин беш жылдан кем эмес бөлөк жашагандыгы далилденсе, КР ГКнин 1149-беренесинин негизинде мурастоодон тышкары, соттун чечими боюнча жубайы мыйзам боюнча мурастоодон четтетилиши мүмкүндүгүн эске алуу зарыл,

24. Эгерде мураскор же мураскорлордун бири өзүнө тиешелүү мурастан кийинки кезектеги мураскордун пайдасына баш тартса, анда мындай баш тартуу жараксыз, себеби мураскорлор мурастоого мурастан баш тарткан мураскордун эрки же каалоосу менен эмес, кезеги боюнча тартылышат. Мыйзамда кезектин өзгөрүү учурларынын толук тизмеси камтылган (КР ГКнин 1141-беренесинин 3-пункту).

25. Өкүлчүлүк укугу - бул мыйзамда көрсөтүлгөн адамдардын, эгерде алардын ата-энелери мурас ачылганга чейин же мурас калтыруучу менен бирге каза болгондо, аларга тиешелүү кезектеги мыйзам боюнча мураскордун ордуна ээлик кылуу укугу

Өкүлчүлүк укугу боюнча мурастоого, мыйзам боюнча мурастоодо гана жол берилээрин соттор эске алуулары тийиш. Өкүлчүлүк укугу боюнча мурастоо укугуна ээ жактардын тизмеси толук болуп саналат, жана КР ГКнин 1142-беренесинин 2-пунктунда, 1143-беренесинин 2-пунктунда, 1144-беренесинин 2-пунктунда каралган талаптар менен жөнгө салынган.

Өкүлчүлүк укугу боюнча мураскор мурас боюнча ага өткөн мүлк менен өзүнүн каза болгон ата-энесинин карыздары эмес, мурас калтыруучунун карыздары боюнча гана жооп берээрин соттор эске алууга тийиш.

26. КР ГКнин 1148-беренесине ылайык мурас калтыруучунун ишке жарамсыз багуусундагылардын мурастоосу менен байланышкан талаштарды кароодо, ишке жарамсыз багуусундагылардын мурастоосу мыйзам боюнча гана мурастоодо мүмкүн экенин соттор эске алуулары зарыл. Багууда болгон факт соттун чечими менен аныкталат.

27. КР ГКнин 1148-беренесине ылайык мурас калтыруучунун ишке жарамсыз багуусундагылардын мурастык укуктарын аныктоодо, ишке жарамсыздарга төмөндөгүлөр кирээрин эске алуу зарыл:

- жашы жете электер (КР ГКнин 56-беренесинин 1-пункту);

- жаш курагы боюнча пенсия дайындалганына карабастан, жаш курагы боюнча эмгектик пенсияны белгилөөгө укук берүүчү жашка жеткен жарандар, (КР "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" 1997-жылдын 21-июлундагы № 57 Мыйзамынын 9-беренеси);

- майыптыгы боюнча пенсия дайындалганына карабай, белгиленген тартипте I, II, III топтогу майып деп табылган жарандар.

Соттор, ишке жарамсыз багуусундагылардын мурас калтыруучунун камсыздоосунда болуу менен байланышкан маселелерди чечүүдө, мурас калтыруучунун өлүмүнө чейин бир жылдан кем эмес убакытта андан, тууганлыгына, өздөрүнүн айлык акы, пенсия, стипендия жана башка төлөмдөрүн алгандарына карабай, анын жашоосу үчүн дайыма жана негизги булагы катары толук багуусунда болуп же үзгүлтүксүз материалдык жардам алып турган адам таанылышы мүмкүн экендигин эске алуулары тийиш.

28. КР ГКнин 1148-беренесинин ченемдери мыйзам боюнча мураскорлордун катарына кирген жана мыйзам боюнча мураскорлорго кирбеген, эки түрдүү ишке жарамсыз адамдардын мурастоо тартибин жөнгө салат.

Ишке жарамсыз адамдар мурастоого КР ГКнин 1148-беренесинин 1-пунктунун негизинде төмөндөгү шарттарда тартылышат:

- мыйзам боюнча мураскорлордун катарына кирбесе;

- мурас калтыруучунун багуусунда болсо;

- мурас калтыруучунун өлүмүнө чейин бир жылдан кем эмес анын багуусунда болушса;

- мыйзам боюнча башка мураскорлор болсо, алар мурас алууга тартылган кезектеги мураскорлор менен бирге мурас алышат.

КР ГКнин 1148-беренесинин 2-пункту боюнча ишке жарамсыз адамдар төмөндөгү шарттарда мурас алышат:

- КР ГКнин 1143-1145-беренелеринде көрсөтүлгөн мыйзам боюнча мураскорлордун катарына кирсе;

- мурас калтыруучунун өлүмүнө чейин бир жылдан кем эмес анын багуусунда болушса;

- мурас калтыруучунун өлүмүнө чейин аны менен чогуу жашаган-жашабагандыгына карабай;

- ишке жарамсыз адам мурас алууга тартылган кезектеги мыйзам боюнча мураскорлордун катарына кирбесе да, мыйзам боюнча мураскорлор менен чогуу мурас алат.

29. Мыйзам боюнча мураскорлор менен ишке жарамсыз адамдардын ортосунда мурасты бөлүү менен байланышкан талаштарды кароодо, соттор төмөндөгүнү көңүлгө алуулары керек. Ишке жарамсыз адамдардын үлүшү мурастын төрттөн бир бөлүгүнөн ашпайт, ал ишке жарамсыз адамдардын санына жараша бөлүнүүгө жатат.

30. Мурастоодо жубайлардын укуктары менен байланышкан талаштарды кароодо, жубайлардын мыйзамдуу мүлктүк режими КР ГКнин 13-главасынын жана КР Үй-бүлө кодексинин 7-главасынын жоболору менен аныкталаарын соттор көңүлгө алуулары керек.

Эгерде жубайлардын ортосунда биргелешип тапкан мүлктүк келишимдик режимин аныктаган тартип белгиленсе, ар бир жубайдын мүлккө болгон укугу КР Үй-бүлө кодексинин 9-главасынын эрежелери боюнча аныкталат.

Жубайлардын мүлкүнүн мыйзамдык жана келишимдик режиминдеги мурастоодо жубайдын укугу КР ГКнин 1150-беренесинин 1-пунктуна ылайык аныкталат.

31. Мураска ээ болуу маселелери менен байланышкан талаптарды кароодо соттор төмөндөгүнү эске алуулары тийиш. Мурасты кабыл алуунун убактысына жана ыкмасына карабай, мурасты кабыл алган мураскор, мурасталган мүлккө укуктардын мамлекеттик

каттоо фактысына көз карандысыз, мурас ачылган күндөн тартып мүлктүк укуктардын жана милдеттердин ээси деп эсептелинет.

Адамдын аза кызматтарын көрсөтүүгө (сөөк коюуга) жөлөкпул алгандыгы же өзүнүн каражаттарынын эсебинен сөөк коюуга кеткен чыгымдарды төлөгөндүгү, мурасты иш жүзүндө кабыл алгандыгын күбөлөндүрө албаганын соттор көңүлдөрүнө алуулары зарыл.

32. КР ГКнин 1153-беренесинин 1-пунктуна ылайык мурасты кабыл алуу боюнча мураскордун төмөндөгү аракеттери болуп:

- мурасты кабыл алуу жөнүндө арызы менен мурастын ачылган жери боюнча нотариуска кайрылуусу;

- иш жүзүндө мурас мүлкүнө ээлик кылуу же аны башкаруу боюнча аракеттери саналат.

Ошону менен бирге, мурасты кабыл алуу боюнча мураскордун бардык аракеттери КР ГКнин 1153-беренесинин 2-пунктуна ылайык мурас ачылган күндөн тартып алты айдын ичинде жүргүзүлүшү керек.

33. Мурасты иш жүзүндө кабыл алган мураскорлор нотариалдык аракеттерди жүргүзүү жөнүндө жободо көрсөтүлгөн мүлккө ээлик кылууга киришкендигин тастыктаган далилдерди берип, мураска укук жөнүндө күбөлүктү берүү үчүн нотариуска кайсы убакта болсо да ( мөөнөт чектелбейт) кайрылууга укуктуу.

Эгерде тиешелүү документтер берилип, бирок мураска укук жөнүндө күбөлүктү берүүдөн баш тартылса, кызыкдар тарап КР мыйзамдарында каралган тартипте нотариустун нотариалдык аракеттерин жүргүзүүдөн баш тартуусуна даттануу менен сотко кайрылууга укуктуу.

Нотариус нотариалдык аракеттерди жүргүзүү жөнүндө жоболордо көрсөтүлгөн далилдер толугу менен берилбегендиктен, мураска укук жөнүндө күбөлүктү берүүдөн баш тартса, мураскорлор мурасты кабыл алуу жөнүндө юридикалык фактысын аныктоо тууралуу арыз менен сотко кайрылууга укуктуу.

Сот тарабынан мураскордун төмөндөгү аракеттери мурастоо мүлкүнө иш жүзүндө ээ болууга же башкарууга киришкендигинин далили катары:

- мүлктүн сакталышын камсыздоо боюнча чараларды көрүү;

- мүлктү тейлөө боюнча чыгымдардын ордун толтуруу;

- мурас калтыруучунун карыздарын өз эсебинен жабуу же мурас калтыруучунун акча каражаттарын үчүнчү жактардан алуу эсептелиши мүмкүн .

Ошону менен бирге, мурасты иш жүзүндө кабыл алуу жөнүндөгү мураскордун жогоруда көрсөтүлгөн аракеттери мындай аракеттердин толук тизмеси болуп эсептелбейт.

Мураскордун талаптарынын негиздемеси катары шилтеме жасаган жагдайлар жөнүндө маалыматтарды камтыган документтерди берүүгө анын мүмкүнчүлүгү жок болсо, сот тарабынан өзгөчө өндүрүш тартибинде мураска ээлик кылуу фактысы аныкталат, ал эми талаш пайда болгон учурда, тиешелүү талаптар доо өндүрүшү тартибинде каралат.

Ошондой эле соттор мурасты кабыл алуу фактысын аныктоо жөнүндө арыздарды кароодо КР Жогорку сотунун Пленумунун "Юридикалык мааниге ээ фактыларын аныктоо жөнүндө иштер боюнча соттук практика тууралуу" 2020-жылдын 29-майындагы № 10 токтомунун 15-пунктунун түшүндүрмөлөрүн жетекчиликке алуулары керек.

34. Соттор тарабынан мурасты кабыл алууга байланышкан маселелерди кароодо, мурасты кабыл алуу мөөнөтү чектелгени эске алынышы керек. Мыйзамда түздөн-түз көрсөтүлгөндөй (КР ГКнин 1155-статьясынын 3-пункту) жүйөлүү себептер менен кечиккен мураскордун доосу боюнча сот ага мурасты кабыл алуу жөнүндө арызды берүү үчүн жетиштүү болгон кошумча мөөнөттү белгилей алат. Мындай доо арыздар боюнча соттор тарабынан чечим кабыл алууда, чечимдин резолюциялык бөлүгүндө чечимдин мыйзамдуу күчүнө кирген күнүнөн баштап мурасты кабыл алуу жөнүндө арызды берүү үчүн жетиштүү болгон конкреттүү мөөнөт көрсөтүлүшү керек.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 15-июнундагы № 16 токтомунун ылайык)*

35. Мурасты кабыл алуу үчүн мөөнөттү өткөрүп жиберген мураскор мурасты кабыл алган башка мураскорлордун жазуу түрүндөгү макулдугу болгон учурда, сотко кайрылбай эле, КР ГК 1155-беренесинин 2-пунктунда белгиленген тартипте мурасты кабыл ала алат.

36. КР ГКнин 1155-беренесинин 3-пунктунун тартибинде талаштарды чечүүдө соттор тарабынан мурасты өз убагында кабыл алууга тоскоолдук кылган объективдүү себептер (мисалы, мураскор мурастын ачылганын билбесе жана билбеши керек болсо, катуу ооруган, мурасты кабыл алуу боюнча аракеттерди жүргүзүүгө объективдүү тоскоолдук кылган абалда болсо ж.б.) гана жүйөөлүү деп таанылышы мүмкүн. Эгерде тестиер мураскордун ата-энеси (башка мыйзамдуу өкүлдөрү) камкорчулукка алынгандын мүлктүк укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча аларга мыйзамдар тарабынан жүктөлгөн милдеттерин тиешелүү түрдө аткарбагандыгынын кесепетинен ачылган мурасты өз убагында кабыл алууга чараларды көрбөй коюшса, анда мураскордун тестиер курагы мурасты кабыл алган деп таанууга негиз болот.

37. КР ГКнин 1159-беренесинин 2-пунктуна ылайык мурасты кабыл алган мураскорлор өз ара мурастоо мүлкүн бөлүү жөнүндө макулдашууга келишпесе, андан аныкталган үлүшүн бөлүү соттук тартипте жүргүзүлөт.

38. Мурасты бөлүштүрүү боюнча талаштарды кароодо соттор төмөндөгүлөрдү көңүлгө алуулары абзел, мураскорлордун кайсы бири болбосун мурасты кабыл алуу боюнча ушул токтомдун 31-пунктунда көрсөтүлгөн аракеттерди 6 айдын ичинде жүргүзсө, мурастоо укугу жөнүндө күбөлүгү жок болсо да сотко кайрылууга укуктуу, анткени мурастоо укугу жөнүндө күбөлүктү алуу бул мураскордун милдети эмес, анын укугу болуп саналат.

Соттор мурастык мүлктү бөлүштүрүүдө ишти сотто кароо мезгилине карата бардык мурастык мүлктүн базар баасын эске алуулары зарыл.

39. Соттор мурасты бөлүштүрүү жөнүндө талаштарды кароодо кээ бир мураскорлордун мурас курамына кирген мүлккө болгон артыкчылык укуктарын эске алуулары зарыл.

Мындай мураскорлордун артыкчылык укуктарын иш жүзүнө ашыруу КР ГКнин 1162-беренесинин эрежелери боюнча жүргүзүлөт. Анын тартиби төмөндөгүдөй:

- мурас калтыруучунун тирүү кезинде бөлүнбөс буюмга карата жалпы менчик укугуна ээ болбогон, бирок мурас ачылганга чейин үч жыл бою мурас калтыруучу менен чогуу жашаган мураскорлор, мурас калтыруучу менен чогуу жашаган мурас турак үйдөн, батирден же башка турак жай имараттан, ошондой эле үй оокаттарынан алууга артыкчылыктуу укукка ээ болушат;

- мурас калтыруучу менен бирге мүлккө карата жалпы менчик укугуна ээ болгон мураскорлор бул мүлктү мурас курамынан натуралай түрүндө алууга артыкчылыктуу укукка ээ болушат.

Мураскорлордун ортосундагы мүлктү тиричилик буюмдарынын жана үй оокаттарынын курамына киргизүү жөнүндө маселеси боюнча талаштар сот тарабынан иштин айкын жагдайларын (негизинен, бул предметтерди мурас калтыруучунун жашоо-турмушуна жараша, үй чарбасына зарыл, күнүмдүк муктаждыктар үчүн колдонулушун) эске алуу менен чечилет. Ошону менен бирге, көөнө буюмдары (антиквардык), көркөм, тарыхый же башка маданий баалуулуктарга ээ буюмдар жогоруда аталган буюмдарга кирбейт. Сот буюмдардын маданий же башка баалуулукка ээ болушу тууралуу пайда болгон талаш боюнча маселени чечүү үчүн тиешелүү экспертизаны дайындайт.

40. Соттор мүлккө артыкчылыктуу укукка ээ мураскорлор менен башка мураскорлордун ортосундагы мурасты бөлүштүрүүгө байланышкан талаштарды чечүүдө мураска болгон артыкчылык укугун жүзөгө ашырууда башка мураскорлордун мурастык укуктары да сакталышы керектигин эске алышы керек. Эгерде мурас турак үйдүн, батирдин же башка турак жайдын, ошону менен бирге, үй-тиричилик буюмдарын бөлүп жана алардын мурас курамынан артыкчылыктуу укукка ээ мураскорлордун пайдасына бөлүп чыгаргандан кийин, мурасты түзгөн мүлк башка мураскорлорго аларга тийиштүү үлүштөрдү берүү үчүн жетишсиз болсо, артыкчылыктуу укугун жүзөгө ашырган мураскор (мураскорлор) аларга сот тарабынан аныкталган акчалай же мүлк түрүндөгү тийиштүү компенсациясын берүүгө тийиш.

41. Соттор тиричилик буюмдарын жана үй оокаттарын мурас мүлк катары бөлүү жөнүндө талаштарды кароодо, тиричилик буюмдары жана үй оокаттары мураскорлорго эки учурда өтүшү мүмкүн экендигин көңүлгө алуулары тийиш:

- мыйзам боюнча мурастоодо аталган буюмдар, артыкчылыктуу укукка ээ мураскорлор мурас ачылганга чейин үч жыл ичинде мурас калтыруучу менен бирге жашашкан учурда (КР ГКнин 1162-бер.), мураска кирген мүлккө артыкчылыктуу укукка ээ мураскорлорго өтөт;

- мыйзам боюнча мурастоодо мураска артыкчылыктуу укукка ээ мураскорлор жок болсо, аталган буюмдар мыйзам боюнча мурас калтыруучу менен ал өлгөнгө чейин бир жылдан аз эмес чогуу жашаган мураскорлорго, алардын кезегине жана мурастык үлүшүнө карабастан өтөт (КР ГКнин 1151-бер.).

42. Соттор мурас калтыруучунун карыздары боюнча талаштарды кароодо бардык мураскорлор кабыл алган мурас мүлкүндөгү үлүшүнүн наркынын чегинде, кабыл алган ыкма жана мурастоонун негиздемесине карабай, мурас калтыруучунун карыздары боюнча жоопкерчилигин тарта тургандыктарын көңүлдөрүнө алуулары зарыл.

Мурас ачылган мезгилде аткаруу мөөнөттөрү башталганына карабай, карызкордун өлгөнү менен токтотулбаган, мурас калтыруучунун бардык милдеттери - мураскорлор жооп бере турган карыздары деп түшүндүрүлөт.

Мурас калтыруучунун кредиторлорунун талаптары боюнча доонун эскирүү мөөнөтү мурас ачылган мезгилге чейин кандай тартипте өтсө, ошол эле тартипте улантылат, анткени мурастын ачылышы анын өтүшүн токтотпойт, чектебейт жана токтото турбайт.

Мурас калтыруучунун карыздарын мураскорлордон өндүрүү жөнүндө талаштарды кароодо соттор эске алуулары тийиш, эгерде мурасты калтыруучу каза болгонго чейин

андан карыздын суммасын кредитордун пайдасына өндүрүү жөнүндө соттун чечими чыгарылып, аткаруу өндүрүшү козголгон болсо, анда бул карыздык милдет мураскорлор тарабынан аткаруу өндүрүшүнүн чегинде аткарылат.

КР "Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" 2017-жылдын 28-январындагы № 15 сандуу Мыйзамынын 27-беренесинин 1-пунктуна ылайык, аткаруу өндүрүшүнүн тараптарынын бири чыгып калган, анын ичинде жеке адам каза болгон учурда, аткаруу документи боюнча сот аткаруучу өзүнүн токтому менен бул тарапты анын укугун улантуучу менен алмаштырууга милдеттүү. Сот аткаруучунун карызкор тарапты анын укугун улантуучу менен алмаштыруудан баш тартуусу КР мыйзамдарында каралган тартипте даттанылышы мүмкүн.

43. Соттор кредиторлордун мурас калтыруучунун карыздарын өндүрүү жөнүндө талаштарды чечүүдө, эгерде мыйзам боюнча мураскорлор жок болсо, анда бул мурастык мүлк кызыкдар тараптардын арызы боюнча ээсиз-ээликсиз деп табылышы мүмкүндүгүн эстерине алуулары тийиш

Эгерде мураскорлор мурастоо укугуна киришүү жана мурастык мүлктү кабыл алуу боюнча чараларды кабыл алышпаса, кредитор сотко мураскорлор тарабынан мурастын факт жүзүндө кабыл алынгандыгын таануу жөнүндө доо арыз менен кайрылууга укуктуу.

44. КР ГК 1166-беренесинде каралган учурларда, соттун чечиминин негизинде мурас мүлк ээсиз-ээликсиз деп табылат жана бул мүлктүн жайгашкан жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын менчигине өтөт. Бирок, нотариалдык контора тарабынан мураска укук тууралуу күбөлүктү берүүнү талап кылбайт.

Соттор тарабынан мурастык мүлктү ээсиз-ээликсиз деп табуу жөнүндө иштер мурас ачылган жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын арыздары боюнча каралат.

45. Бул токтомдун кабыл алынгандыгына байланыштуу Кыргызстан Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 1992-жылдын 2-сентябрындагы № 9-1 сандуу токтому менен кошумчаланган, Кыргыз ССРинин Жогорку сотунун "Кыргыз ССРинин соттору тарабынан мурастоо жөнүндө мыйзамдарды колдонуунун кээ бир маселелери жана СССРдин Жогорку сотунун Пленумунун "Мурастоо тууралуу иштер боюнча соттук практика жөнүндө" 1966-жылдын 1-июлундагы токтомун аткаруу тууралуу" 1990-жылдын 23-февралындагы № 2 сандуу токтому күчүн жоготту деп табылсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун Төрагасы** **З. Базарбеков**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т. Чаргынова**